**Ош мамлекеттик университетинин студенттерин окуу, өндүрүштүк жана диплом алдындагы практикадан өткөрүү боюнча**

**К Е Л И Ш И М**

Ош шаары "16" апрель 2022 ж.

Биз, төмөндөгү кол коючулар, Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор Г. К. Кожобеков мындан ары "ОшМУ", жана „Дизайн-этнографиялык окуу борбору" КФ жетекчиси Эркебаева Чынара Мойдуновна

Мындан ары "Ишкана", Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.08.2008-ж. № 425 токтомуна ылайык "Окуу, кесиптик таанышуу, өндүрүштүк жана диплом алдындагы практикалар жөнүндө" жобосунун негизинде ОшМУда практикаларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү.

1. **"ОшМУ" милдеттенет:**

1.1. Жалпы практикалардын түрлөрүн өткөрүүнүн жумушчу программаларын алдын ала өндүрүшкө сунуштайт жана күндөлүгү менен камсыздайт;

1.2. Адистештирилген кафедрадан практика жетекчисин дайындайт;

1.3. Мыйзам чегинде каралган, ОшМУнун нормативдик документтерине туура келген тартипте өндүрүштөгү практика жетекчилеринин эмгек акыларын вакансиядагы сааттар аркылуу төлөйт;

1.4. Практиканын багыт берүүчү жана жыйынтыктоочу конференцияларын өткөрөт;

1.5. Факультет студенттерди адистике калыптандыруу менен илимий усулдук жана семинарларды өндүрүш менен биргеликте уюштуруп өткорот;

2. **"Ишкана" милдеттери:**

2.1. ОшМУнун Индустриалдык-педагогикалык колледжинин "дизайн" адистигинин студенттерин практикадан өтүү үчүн календарлык планга ылайык 15 орун берет;

2.2. Студенттер үчүн эмгек коопсуздугу боюнча инструктаж өткөрөт;

2.3. ОшМУнун Индустриалдык-педагогикалык колледжинин "дизайн" адистигинин студенттерине өндүрүштүк мекеме ишканалар, ишмердүүлүгү боюнча иш пландары менен тааныштырат жана практикаларын жетектөө үчүн жетиштүү даражадагы адистерди дайындайт;

2.4. Эгерде студент практика мезгилинде акы төлөнүүчү жумуш ордуна кызматка же стажерлукка кабыл алынса, ага ишканада колдонулуучу жалпы эмгек мыйзамдарын, эмгекте коргоонун жана ички эмгек тартибин сактоонун эрежелерин, алар менен белгилүү тартипте таанышкандан кийин колдоно алат;

2.5. Окуу, өндүрүштүк жана диплом алдындагы практиканын аягында ар бир студентин аткарган жумушу боюнча жана ал даярдаган отчетунун негизинде мүнөздөмө берет.

2.6. Өндүрүш студенттердин практикасынын сапаттуу жүрүшү боюнча сунуш пикирлерин окуу жайга билдирет.

**3. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1. Тараптар КРнын эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жоопту;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан "ОшМУ" экинчи тараптан "Ишкана" кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү 20 21 - жылдын апрелинен 20 26 -жылдын апрель айына чейин;

3.5. Келишим эки нускада түзүлөт, бири "ОшМУда" экинчиси "Ишканада" сакталат.

| | |
|---|---|
| Ош мамлекеттик университети | Тараптардын дареги |
| 723510 Ош шаары Ленин көч.331 | Ленин к. 337/3. |
| ИНН 02071996l0017 | |
| **ОшМУнун ректору** | "ДЭОБ" ЦФ |
| **профессор К. Г. Кожобеков** | Эркебаева Ч.Ж. |